З. БАБАЕВ

# Тунку чакырык



ЗАРЛЫК БАБАЕВ

# Түнкү чакырык

(Очерктер, сүрөттөмөлөр).

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1977

610.3
Б 12

**Бабаев Зарлык.**

**Б 12** Түнкү чакырык. (Очерктер, сүрөттөмөлөр). Ф., «Кыргызстан», 1977 ©
40 б.

Журналисттин бул китебине түйшүктүү кесиптин ээлери — медицина кызматкерлери жөнүндөгү очерктери менен сүрөттөмөлөрү киргизилди. Автор алыскы жайыттардагы малчыларды жана алардын үй-бүлөлөрүн медицина жактан тейлеп жатышкан врачтар менен орто медицина кызматкерлердин эмгеги жөнүндө кеп кылат.

610.3

К $\frac{102-77}{М\ 451\ 17-76}$ 77—77

© «Кыргызстан» басмасы, 1977

# КЕНЕС-АНАРХАЙ ДИАЛОГДОРУ

## КАНДАШ АДАМДАР

Коңур күз.

Бышыкчылыктын берекеси жыйналып, баягы ыңкыган талаалар жүгүнөн жеңилденип бозомук тартып жатат. Күзгү керимсел салкын тартып, бирин-серин өскөн, бирок, дүпүйгөн топ чийлерди, талааларды жыш каптаган кара шыбактарды титиретип тынымсыз жортот.

Буларды түз кеткен таш жолдун боюнан көрүүгө болот.

Таш жол эки тарапка бөлүнгөн жер — сексен үчүнчү разъезд деп аталат. Кенес-Анархайдын бүткүл кыймылы дал ушул кыштакчадан башталып, учу кыйырсыз айдың талаалар менен салаа-салаа бөлүнгөн жолдорго тарап кайсы жерден аяктаарын билүү кыйын.

Автобус баягы эки айрылыштын сол тарабына бурулуп, бир топ адамдарды түшүргөн соң кайра тартчу жагына токтоду.

Чакан кыштактын чоң көчөсү менен бара жаттым. Наабайкана, жумушчулар кооперациясы, андан соң мектеп-интернат.

— Алар жаңы көчүп келишти,— деди менин суроомо мектептен чыккан тестиер.

Кенес-Анархайдын медицина кызматкерлери жайкысын Суусамырда болушуп, мал жакага түшкөндө алар мында кайтып келишерин билчүмүн. «И, ырас болду. Алардын колу бош учурунда келген экемин» — деп ойлоп, ооруканaны көздөй шаша бастым.

— Башкы врачтын кабинетинде кишилер бар. Бош эмес,— деди чыкылдаган сестра коридордон. Жолдогу

оюмдун тескери чыкканына капааттана олтургучтан жай алдым.

Кабинеттегилер бир нерсе туурасында талаша-тартыша сүйлөп жатышканына караганда жакында мага кезек жетчүдөй көрүнбөдү. Чыкылдаган сестра башкы врачтын кабинетинен чыгып келе жатып:

— Дале отурасызбы? Кириңиз,— деп нары кетти.

Кабинетте башкы врачтан башка эки адам олтурушкан экен.

— Машина-мал чарба станциясынын директору Ажимүдүн Алиевич,— деп тааныштырды башкы врач диванда олтурган сары жигитти.— Биз малчыларды медициналык жактан тейлөөнүн күзгү-кышкы графигин талкуулап жаттык эле. Жалпысынан бир пикирге келдик.

Башкы врач Назарбек Өмүралиев дубалга илинген чоң картанын жанынан басып келип, өз ордуна олтурду.

— Бир үй-бүлөдө айына бир ирет болуп туруубуз керек. Участка эң чоң. Миң километрден ашык аралыктарда малчылар жашайт.

— Биз азыр эле карап чыккан график боюнча,—деп башкы врачтын сөзүнө аралаша кетти Ажимүдүн Алиевич,— малчыларга каттоочу башкы кызматкерлер медиктер барган күн менен тушташ болбоо керек. Анткени медиктер менен башкы адистер малчынын абалы жөнүндө бири-бири менен кабардар болуп туруулары керек.

— Азыр жумуш деле аз чыгаар,— дедим, бая жолдо келаткандагы оюмду ырастап алмакчы болуп.

— Кайда?! Врачтар үчүн ар дайым иш. Мисалы, биз адамдардын саламатчылыгынын сакчылыгында тургандан кийин медицинадагы күндөлүк жаңылыктарды билип турушубуз керек. Азыр медицина илими дүркүрөп өсүп жаткандыгын жакшы билесиз. Экинчиден,

ооpy менен өлүм айттырып келбейт. Күнбү, түнбү — чакырык болуп калышы ыктымал.

— Жо, мен... Мен малчылар кыштоого келише элек дегеним...

— Малчылардын алды келе баштады.— Алиев ордунан туруп дубалдагы картага жакын барды.— Мына, береги жер бизден алтымыш километр алыс турат. Биз үчүн бир сааттан ашык жол. Ал эми врачтарыңыздын телефону шыңгыраса, алар биерге бир саатка толбогон убакытта жетип барышат. Кенес-Анархайдагы эң жакын участкабыз мына ушул Баба-Сай болот.

Биз сыртка чыктык.

Күн ылдыйлаганга сыдырым жел ичиркентип, деле айбаттуу. Ооруkананын таза шыпырылган короосунда эки-үч оорулуу маектешип турушат.

Көздөрүндө жаштыктын чырайлуу ажары дале сакталган буудай жүз аял жанындагылардан бөлүнүп, врачты утурлады.

— Саламатсызбы? — деди ал көздөрүнөн үмүт отун чачыратып.

— Саламат... Сиздин анализдериңизди көрдүм,— врач оорулуунун мүдөөсүн алдын ала туя суроо салдырбай эле жооп бере баштады. — Заараңызда белок нормадан ашык. Бир аз жата туруңуз. Эч жериңиз оорубай, айыгып калгандыгыңызды көрүп турам, бирок, мында экинчи келбегениңиз жакшы.

Ушул дартынан сакайса эле экинчи оорубастай боло тургансыган сезим аялдын ой-санаасын дароо туткундап, врачтын өнөр кудуретине кулдук ура анын буудай жүзү алоолоп чыкты.

— Сизге ырахмат, Назарбек Өмүралиевич.— Аялдын денесине шайдооттук пайда болуп, ал жеңил баса курбуларына кошулуп кетти.

Баягы чыкылдаган сестра сыртка атып чыкты:

— Назарбек Өмүралиевич! Рацияга!

Жүрөгүм шуу этти.

Ажимудун Алиевич:

— Биердеги медиктердин иши ушинтип башталат. Жакын жерде болгой эле...

...Рафикти лепилдетип Назарбек өзү айдап баратты. Жол... Жол... Алды тарапта караан жок. Горизонт асманга барып такалат. Туш тарап мейкиндик. Жапыс адырларды аралап өткөн жол машинага жутулуп, артта тез чубалып калып жатты.

Назарбектин учкун жанган оттуу көздөрү алды тарапка тигилип ойлуу бараткан.

Машинанын арымы бир аз жайлап, оңго бурулганда доктор үн катты: «Жетип келдик, бирок эки адамдын өмүрүн сактоо керек».

Аңгыча бирин-экин үйлөр көрүнүп, биздин машина ошол тарапка бурулду. Доктор топтошкон адамдарды көрүп:

— Айыл адамдары бирөөгө келген кырсыкты өз баштарына түшкөндөй сезишет. Карабайсызбы, баарынын үрөйү учуп чогулуп алышкан тура.

Назарбек боздогон аялды бирөөлөрдүн жардамы менен жөлөп-таяп машинага алып кирди.

Баятан бери менин жанымда карапайым, машина айдап келаткан жигит менин көзүмө сыйкырдуу, кайсыдыр бир укмуштуу жомоктогу колунан күч-кубат шаркыраган алпамыш сыңары көрүнүп кетти. Аппак халат, топу кийди. Бутунан бери аппак. Колдорун этият жууп, йод сыйпанып, анан резина мээлей кийинип, дагы жуунуп жатканда ал менин көзүмө ошондой көрүнүп турду. Назарбектин бул кебетеси чынында эле өлүм менен кармашуучу кереметтүү келбетке айланып калды.

Мындай операцияларга мурда бирин-серин катышканы менен өз алдынча жасап көрө элек болучу. Өлүм менен өмүр бетме-бет турган чакта «жок, бул дартты айыктырыш менин колумдан келбейт»,— деп ыргылжың болуп туруш врачтын милдетине да, адамдык сыпайкерчилигине да сыйбаган иш. Анын үстүнө ай та-

лаада өлүмгө баш ие жаздап, жалгыз гана бир үмүтү ушул ак халат кийген адамга байланып турганда ким деген чыдап, тетири бурулмак.

Бирок эл оозунда элек жок — ойлонбой айтылган сөз ылганбай чыга берет.

Топурап турган эл алдыртадан бири-бирин карашат. Алардын көздөрүндө: «Ай, ким билет, жаштыктын азоо сезимине жеңдирип жаткан неме да. Өзү терапевт болсо...» деген сыяктуу коркунучтуу ойлордун учкуну бар эле.

Назарбек аны билген жок.

Назарбек жаштыктын жигерине, алдын ала жышаан берген сезимдин көрөгөчтүгүнө алдырып, алган билимин, көргөн тажрыйбасын бедел тутуп колуна скальпель кармады. Анын оюнда адамдардын татаал дүйнөсү, жаратылыш тартуулаган чыдамдуу организми, медицина илиминин бүгүнкү кубаттуулугу бийлик кылып турду. Адамдын жаны бычак мизинде илинип турган учурда врачтын, айрыкча, адамга операция жасап жаткан врачтын дүрбөлөңгө түшүшүнүн акыры жамандык менен бүтүп калышы этимал экендиги Назарбекке жакшы маалим болучу.

Бойдогу баланын жети айлыгында ордунан козголуп калышы эненин өмүрүнө залалын тийгизерин медицинадан кабары жок адам да жакшы билет го. Эненин денесинен кан көп кеткендиги жөнүндөгү кабар Назарбекти чочутту. Оорулуунун денесинен кан кетип жаткан учурда операция жасоонун өзү эле калпыс, нары тобокелге салгандык да.

Назарбектин зайыбы акушер-гинеколог Эркин Таштанкуловна баланын туура эмес жатып калгандыгын, анын үстүнө ал эбак эле жансыз экендигин далилдеген соң эненин өмүрүн сактап калуу үчүн жапжаш, өмүрлөш, кесиптеш эки жар тобокелди бел тутушуп ажалды каршы алышпадыбы.

Назарбектердин машинасындагы шартты, мүмкүнчү-

луктөрдү кадимки стационардагы операция бөлмөсү менен теңештирүү кайда. Кантсе да алгачкы тез жардам көрсөтүүгө жарамдуу жабдуулар бар эле.

Операция жергиликтүү анестезия менен аргасыздан жасалгандыктан ноокас аял жанын оозуна тиштеп көрдүн кырында жатты.

Назарбек ноокастын тамырын кармап чочуп кетти:

— Кандын басымын! — Эркин Таштанкуловнага кыска буйрук берди.

— Өтө төмөн!

— Тез, менден кан ал.

Назарбектин каны биринчи группага кирет. Мындай «шарт» хирургдар үчүн өтө ыңгайлуу, табиятка заказ берип жасатып алгандай эле кеп. Анткени биринчи группадагы кан башка группадагы кан менен, медицинанын тили менен айтканда, трансплантациялаҥат, башкача айтканда жуурулуша берет. Хирургдун мындай каны көп кокустуктарда адамдарды ажалдын чеҥгелинен түздөн түз жулуп алаарын ишеничтүү айтууга болот.

Назарбек кан берди! Ал бардык кыйынчылыкты, опурталдуу учурду токтоо мүнөзү, сезимталдуулугу менен каршы тосуп алды. Жаш врач өмүрүндө, өзүнүн врачтык түйшүктүү кесибинде биринчи жолу кездешкен жаны бычак мизине илинген ноокас аялдын маҥдайында эч нерсе болуп көрбөгөндөй, айланасында эч кандай коркунуч жок сыҥары өтө сабырдуу турду.

Тоолордо туулуп, балалыгы тоолордо өткөн, эми да тоо аралап мал четинде жүргөн аялдын жалпы ден соолугу чыҥ болгондуктан, анын организми да өмүр үчүн күрөшүп жатты. Назарбек кандын басымын кайрадан текшерип, аялдын сүзүлө ачылган көздөрүнүн тереҥинен жакшылыктын жышаанын көрдү.

«Бул түн жеҥиштүү болду. Кандын басымы нормага жакын. Жүрөктүн кагышы активдүү. Дем алуусу кадимкидей. Коркунуч эми артта калды».— Назарбек-

тин оюна ушулар келди. Назарбек ордунан турду да мындан ары эмне кылуу керек экендигин Эркин Таштанкуловнага дайындап сыртка чыкты.

Жарданган элдин саны ого бетер көбөйүп калган. Түн бир оокум болгонуна карабастан, Буурул-Байталдагы малчылар гана эмес, окчун жерде турушкан чабандар да жетип келишип, жакшылык кабарды укмакчы болуп турушкан.

— Бардыгы жакшы, ойдогудай! — Назарбек чылымын күйгүзүп жатып, демдерин ичке алып кулак түргөн элге кайрылды.

— Ырахмат, кагылайын, өмүрүң узак болсун!

Ноокастын күйөөсү Назарбекти дароо кучактап өпкүлөп жиберди.

— Биз жеткиче кан көп кетип калган. Болбосо анчалык кыйналбайт эле.— Назарбектин сөзүн уккан чабан, күнөөлү, оңтойсуздана калды. Оозунан сөз чыкпай, аптыгып турду да:

— Бизден да кетип калды. Кечээ эле эти ооруксунганда кабар кыла койсок эмне.

— Мына, бул өмүргө кайдыгер карагандык болот, аксакал, — Назарбек чабанга катуу тийгизи келген, бирок түшүнөт деген ой менен жымсалдап салмактуу сүйлөдү.— Мындай кайдыгерлик жалаң эле сизде эмес, ушу тургандардын көпчүлүгүндө бар. Качан гана оору күч алганда врачка түшпөсөңөр, жүрө бересиңер. Дарттын алдын алса айыгышы жеңил болот. Айына үч жолу кыдырабыз. Чынында малчылардын дени чымыр келет. Ошентсе да врачка көрүнүп, кичинекей оору болсо да айтып турган жакшы болот.

— Аныңыз ырас.— Тургандар жаалап жиберишти.

Жакшы кабар угулган соң чабандар врачка алкыш айтып тарап кетишти.

Бул түнү Чүй районундагы «Ак-Бешим» колхозунун бир чабанынын үйүндө өмүр маягы сымал коломтонун оту өчкөн жок.

# ӨМҮР БАШАТЫ

— Өмүрлөр мына ушул жерден башталат,— деди төрөт үйүнүн башчысы Өмүралиева Эркин Таштанкуловна мандайыбыздагы каалганы тарта берип.— Биерде наристелер ыңаалап жарык дүйнөгө келишет.

Медсестра Корчакова Александра Николаевна биз менен жайдары саламдашты да докиден жасалган масканы оозу-мурдума байлап салды. Ушундан кийин гана оң тарабыбыздагы каалганы тартып, ичкериге кирдик.

Наристелердин кичинекей кроваттары. Аларда тыкан оролгон бөбөктөр уктап жатышат.

Эркин Таштанкуловна:

— Жаңы төрөлгөндөрдү мына ушул бөлүмгө алып келип багабыз. Энелери болсо тиги тараптагы бөлмөлөрдө,— деп түшүндүрө баштады.

Жүзүмдөн баамдадыбы, башкы врач Назарбек Өмүралиевич мага карап сөзгө аралаша кетти:

— Сиз таңданбай эле коюңуз,— наристелер бири-бири менен чаташпайт. Мына, көрдүңүзбү, ар бир балада жана кроватта өзүнчө номерлер бар. Бул номерлер энелерге да берилет. А түгүл бала алгач кайсы кроватка жаткырылса, үйүнө чыгарылганга чейин ошол кроватта жашайт. Кроваттарга да номер тагылган.

Экинчи бөлмөдө да балдар мемиреп уктап жатышат. Мындагы кроваттар башкачараак экен.

— Булар ара төрөлгөндөр,— деп түшүндүрдү Эркин Таштанкуловна.— Береги кроваттар атайын жасалган. Алды-үстүнөн электр аркылуу жылуулук берилет. Бул балдардын салмагы тийиштүү нормага жетмейинче ушул жерде багылат. Алардын энелеринин ден соолугун чындоого да өзгөчө көңүл бурулат.

Төрөт үйүнүн коридорунда бараттык. «Өмүрлөр мына ушул жерден башталат,— деп ойлодум. Өмүрлөр...»

...Кенес-Анархайдын жолдору көп. Алар өмүрлөр сымал узун да, кыска да. Мына ошол жолдор ар кан-

дай алыстыктагы төрт жүздөн ашык оторлорго, Чүй өрөөнүнүн Кант, Сокулук, Москва жана Чүй, Кемин жана Калинин райондорунан келишкен эки миң беш жүздөн арбын адамдарга алып барат.

Кенес-Анархайдын түздүктөрү менен ойдундары көп. Мындагы коомдук малды асырап жатышкан күжүрмөн малчылардын саламаттыгын коргоо үчүн өкмөт менен партиянын аталык камкордугунун айкын мисалын ооруканада түзүлгөн шарттан көрөбүз.

Кенес-Анархайдын жүздөгөн чакырым радиуста жашаган малчыларын тейлөөдө медицина кызматкерлеринин ролу өтө зор. Алыскы кыштоодогу медициналык кызмат туурасында башкы врач Н. Өмүралиев төрөт үйүнүн коридорунда баратканыбызда баян этти:

— Адамдарды, айрыкча, балдардын өмүрүн сактоо боюнча биздин ооруканада алдын ала көп чаралар көрүлөт. Баягы жылдары малчылардын аялдары көбүнчө үйлөрүндө төрөшүп, өздөрү да бала да кырсыктарга учураган кездер болгон. Азыр андай эмес. Биз бул ийгиликке энелерге тынымсыз түшүндүрүү, боюнда барларды алдын ала дарылоо, аларга тийиштүү консультацияларды убагында берүү менен жетиштик. Азыр малчылар кыштоого көчүп келери менен эле кыдырып чыгып, боюнда бар энелерди каттоону жүргүзөбүз. Ар бир участка боюнча иштеп жаткан он бир фельдшердик-акушердик пункттарда боюнда барлардын тизмелери такталып коюлат. Азыркы кезде биздеги мыкты шарттардын дагы бири бул — бардык участкалар биз менен рация аркылуу сутканын бардык мезгилинде байланыша алышат. — Башкы врач сөзүн токтотуп, азга ойлонуп калды. Анан:

— Оорукананын палаталарын, кабинеттерин көрүп чыгалы,— дегенине дароо макул болдум.

Дал ушул сунушту түнкү чакырык болбогондо башкы врач менен алгачкы кездешкенимде эле айтууга даяр элем.

Кенес-Анархайдын Буурул-Байтал кыштоосундагы түйшүктүү түндөр оорукананын аппак палаталарын кыдыруу мүмкүнчүлүгүн үзгөнү менен журналисттик практикамдагы романтикалуу, нары чыгармачылыктын милтесине от койгон сонун учур болгондугун унутуу кыйындыр — ов!

Алыскы Аңыракай кыштоосунда он бир фельдшердик-акушердик пункт бар экендигин билдик. Буларда бир-экиден койкалар бар. Ал эми Кенес-Анархайдын башкы медициналык борбору 83-разьездге жайгашкан, мындан кийинки негизги уруттуу медициналык борборлор 22-кудукта жана Буурул-Байталда — ар биринде он койкадан орун бар.

Азыр биз кирип чыкмакчы болгон оорукана 83-разьездеги борбордук оорукана эле.

Палаталар... Аппак палаталар...

Бир ыр эске түшөт:

«Эстен кетпес өзүм жаткан палатам,
Боздоп кирип, күлүп чыгып баратам.
Алтын колдуу врачтарга рахмат,
Адамдарга узун өмүр жараткан!»

Мында палаталар ээн. Койкалар тыкан жасалгаланган. Бардыгы ирettүү. Тазалык адамды сүрдөтөт — халатсыз кирүүдөн ыйбаа кыласыз.

— Сиз таңданбаңыз,— башкы врач күлдү. Бизде ноокастар болбойт.

— Анда силер бекер айлык алат экенсиздер да?!— ырасын айтсам — таңданбай кое албадым.

Назарбек Өмүралиевич ого бетер карсылдап күлдү. Кайра мостое калып:

— Биз ооруну болтурбай жаткандыгыбыз үчүн алабыз айлыкты. Ооруну айыктыруудан аны болтурбай коюу оор.

Доктордун ушул накыл сөзү менин жадыма кадала

түштү: «Ооруну айыктыруудан аны болтурбай коюу оор.»

— Жакшы кеп,— дедим мен сыр бербей.— Макул, ошондой эле дейли. Кана, айтыңызчы, ооруну канткенде болтурбай коёсуз?

Назарбек Өмүралиевич жүзүнөн күлкүсүн жыйып ала коюп:

— Советтик медицинада саат сайын ири ачылыштар жаралып жатат десем жаңылышпайм. Ал ачылыштардын бири оорунун жолун торосо, бири дартка даба. Бизде «профилактика» деген термин бар. Бул — дааналап айтканда, оорунун алдын алуу деген сөз. График боюнча малчыларды айына үч жолу кыдырып чыгууга тийишпиз. Демек, ар бир үй-бүлөдө ар бир он күндөн кийин болуп турат экенбиз. Бул иш-чаралар чабанга барып саламдашып кайтуу же, чабандын беш бармагын андуу дегендикке жатпайт. Албетте, мен муну тамаша иретинде айтып жатам деңизчи, бирок ошентип ойлоочулар да табылышы ыктымал. Ошентип ар бир үй-бүлөдө он күндө бир жолу медициналык кызматкер болду деп коёлу. Эми ал эмне иш аткарды? Мына ошого токтололу. Ал профилактика жүргүздү. Айталык,— Назарбек Өмүралиевич сөөмөйүн жумду да, — биринчисинде андагылардын жалпы ден соолугун текшерип, жаш балдарга кызылчага каршы эмдөө жүргүздү. Экинчисинде болсо «туберкулез жана анын алдын алуу» деген темада аңгеме өткөрүп, кежең оорусуна каршы эмдөө жүргүздү... — Башкы врач экинчи колунун манжаларын санай баштаганда сөзүн бузуп жибердим!

— Короо-жайлардын санитардык-гигиеналык абалына да көз салынабы?

— Сөзсүз. Тазалык дегенибиз ден соолуктун башаты да. «Жери тазанын дени таза» деген сөз бар.— Назарбек Өмүралиевич «Профилактикалык чаралар» жазылган дептерди алып чыгып алдыма таштап койду.

— Бул дептерде ырас эле бардыгы бар экен. «Профилактикалык чараларды» оодарып, анда врач кайсы күнү кайсы колхоздун ким деген чабанында болгон, анда кандай темада сүйлөшүүлөр жүрүп, кандай профилактикалык иштер жүргүзүлгөндүгү жазылган болучу.

— Кызык экен дедим,— дептерди улам барактап.

— Керектүүлөрү адамдардын медициналык карточкаларына түшүрлөт,— башкы врач көңүлүмдү сөзгө бурду.— Антпесе кимге кандай эмдөө жүргүзүлгөнүн билбей калабыз да.

— Сиздер ар бир чабанды билет экенсиздер го?

— Аныңыз туура. Баягы эле чабандарга жылыга жолугабыз. Чанда гана алмашылбаса... Суусамырда да ошол чабандар менен иштейбиз. Кыштоого келсе да, жайлоого көчсө да ээрчип алабыз, ооруну болтурбоо үчүн күрөшөбүз. Булар биздин ооруканалар менен фельдшердик-акушердик пункттардын гана медиктеринин жүргүзгөн профилактика иштери. Бизден тышкары айына бир жолу ар бир райондун медицина кызматкерлери кыдырып турушат. Мезгили менен стамотологиялык көчмө поликлиника келип, малчыларды жана алардын үй-бүлөлөрүн медициналык кароодон өткөрөт, тиш салат.

Башкы врачтын аңгемеси мага өзгөчө таасир этти. Алыскы жайыттардагы — кышкысын Кенес-Анархайдагы, жайкысын Суусамырдагы эки миң беш жүздөн ашык малчыларды медициналык жактан тейлөө түйшүгүн элестеттим.

Дарт деген аба ырайынын жагдайына карабайт да. Ал эми мындагы медицина кызматкерлери шашылыш чакырыктарды мындай коёлу, кезектеги профилактикалык иш-чараларды аба ырайынын бейтап болуп тургандыгына карап кийинкиге калтырышпайт.

Ар кандай дарттын алдын алуу чараларынын эң негизгиси калкты санитардык-гигиеналык жактан тарбиялоо болгондуктан аңыракайлык медиктер бул ишке өз-

гөчө маани берип келатышкандыгын айтып отурабыз. Кенес-Анархайда санитардык-гигиеналык иштерди активдүү жүргүзүү боюнча атайын Совет уюштурулган. Врач Клара Куляшева председатель болуп иштеген бул совет калк арасында санитардык-гигиеналык темада аңгемелерди, лекцияларды өткөрүүнүн жана үй тиричилиги, короо-жайды кармоо эрежелерин сактоо боюнча практикалык кеңештерди көрсөтүүнүн планын иштеп чыгып, калк арасында «Таза суу жана ден соолук», «Биз жеген тамак», «Короо-жайдын гигиенасы» жана башка актуалдуу темалардагы лекция-аңгемелерди өткөргөн. Жыйырма экинчи кудук, Баба-Сай, Кант штаб, Буурул-Байтал жана башка ушул сыяктуу участоктордогу короо-жайлардын, мейманканалар менен дүкөндөрдүн тазалыгы өз учурунда текшерилип, баалуу кеңештер берилип турат.

Башкы врач Назарбек Өмүралиев экөөбүздүн аңгемебиз аяктап да калды. Мени кызыктырган дагы бир нерсе столдо жаткан сводка болду. Андагы «Кенес-Анархайдагы малчыларды медициналык жактан тейлөөдө 11 врач, 32 орто медициналык кызматкерлер, 9 автомашина жана 45 койка бар» деген жазуулар көзүмө урунду.

Биз ооруканадан чыкканда сыдырым жел жүрүп, булуттар удургуп келиптир.

Назарбек асманды карап:

— Аңыракайдын бороондуу күндөрү башталды,— деди.

Биз кол кысыша коштошуп, мен Баба-Сайга жол тарттым.

## КҮН КАЙРА ЧЫГАТ

Кечээ башталган албуут шамал али басылган жок. Шамалдын күчүн көр — текши өскөн кара шыбактар

безеленип жерге жүгүнөт, кайра артка чегинип, айтор жаны тынбайт. Кендиктерге көз жиберсек, шыбактуу талаалардын бети көл толкунун элестетет.

Ар кайсы жерде тартайган куу сөксөөл жыдыган тайлак моюнданып кепинсиз арбак сымал көрүнөт.

Тээ бодурларда жайылган аппак койлор, берите жалгыздап кепшеген боз инген. Талаанын дал ушундай көрүнүшүндө түштүк менен түндүктү ажыратуу бул өрөөндүн бейтааныш мейманы үчүн өтө кыйын. Ал эми жалгыздап баскан андай адам оңой-олтоң эле адашып кетээри бышык иш.

Аңыракайдын айдыңындагы бороондуу түндөрдү жиреп өтүү Людмила Васильевна үчүн көнүмүшкө айланып баратат.

Людмила Васильевна Дмитриенко кыргыз жергесине келгенине алты гана жыл болду.

Жаштыктын романтикага бай кыялкеч сезими Людмиланы Ала-Тоонун көркү, кыргыз элинин баатырдык эмгегинин даңазасы аны Уралдан жетелеп келген.

Медициналык орто билимдүү адистер тоолуу крайдын бардык бурчтарына керек эле.

— Мен да тоолукмун,— деди Людмила республиканын саламаттык сактоо министерствосунда кызматка жолдомо алмакчы болуп олтуруп,— бирок, биздин тоолор кыргыз тоолоруна окшобойт...

Министерствонун кызматкери:

— Сизди алыскы айылдарга жиберсекчи?..

— Мени кыргыз жергесинин бардык булуң-бурчтары кызыктырат. Бирок, малчылар менен иштөө кызык деп угам. Киножурналдардан да көрүп жүрөм.

— Абдан жакшы. Бизде алыскы жайыттар көп. Мисалы, Көк-Ойрок, Суусамыр, Кенес-Анархай... Кайсынысын каалайсаңыз...

— Бара берем. Мага бардыгы кызык.

— Андай болсо Кенес-Анархайга...

— Макулмун.

— Кенес-Анархай дегенибиз Казахстанда. Биздин малчылар кыштайт. Жайкысын андагы медиктер Суусамырга малчылар менен кошо жайлоого чыгышат.

— Оо-о, эң сонун! Кыштоону да, жайлоону да көрөт экемин да?

— Дал ошондой. Бирок... Бирок, жайлоо дегенди эс алуучу жай деп түшүнүү туура эмес. Тоолуу өлкөнүн жайлоосунда деле, кыштоосунда деле медиктер үчүн түйшүк бирдей.

— Аныңыз туура. Мен дал ошондой түйшүктөргө каршы барсамчы?

— Болуптур,— министерствонун кызматкери макул болгону менен жаш кыз кыялга жетелетип жатат деп ойлоп, ишенич да артып, Уралдык медик кызга жолдомо берди.

Мезгил күлүк. Андан бери Людмила борошолуу жана ачык күндөрдүн далайын тосту.

Баба-Сайда ажайып бир жай бар.

Мында ыңаалаган наристелер жарык дүйнөгө келген.

Мында боздоп ооруп келгендер үй-бүлөсүнө аман-эсен кайткан.

Ушул, адамдардын сүймөнчүлүгүнө айланган аппак үйгө кирип бардым. Сол жактагы каалганы тарттым: бир кроват. Стол. Стол үстүндө кыргызча-орусча сөздүк.

— Сиз кимге?

— А, сиз ким болосуз? — суроо менен жооп бердим.

— Мен медпункттун башчысымын. — Мааткaзиева Турсун.

— Мында орус кыз иштейт дешти эле.

— Ооба, Людмиланы айтып жатасыз го. Ал чакырыкка кеткен эле. Жакында келип калаар.

Людмиланын чакырыкка кетип жаткан учуруна тушташ келбегендигиме өкүндүм да, дары жыттанган медпунктта Турсун менен маектешип олтурдум.

— Биздин иште кыйынчылыктар да, жөнөкөй өткөн күндөр да бар. Бардык иштин түйшүгү ушундай болсо керек. — Турсун менин көнүмүш суроомо жайдары жооп кайтарды. — Людмила кечээ кечинде чакырык менен Кара-Ташка кеткен, мындан отуз тогуз чакырым алыс.

— Жөөбү?

— Жөө деле эмес. Ат менен. Бирок биердин шартында...

— Кыйын деңизчи?

— Бизге сезилбейт, көнүп калдык. Анчалык деле кыйын оорулар кездешпейт. Төрөт боюнча эле чакырыкка барып калбасак... А деле сейрек кездешет. Анткени боюнда барларды алдын ала төрөт үйүнө жаткырабыз. А, Людмила болсо... Ал төрөт боюнча эмес, аныкы башка иш.

— Кандайча?

— Бир чабандын баласы тамак иче албай калыптыр... Ошого...

Көздөрүндө от жанган, тыкан кийинген, шамалга тотуккан, жүзүн күлкү жайкаган кыз кирип келгенде Турсун сөзүн үзүп жиберди.

— Бизге кабарчы келиптир,— деди Турсун, Людмила белин чечип, халатын кийине баштаганда.

— Баятан бери медпункттун ишин Турсун айтып берди. Сиздин сапарыңыздын ийгилигин уккум келет.

Аппак халат менен чепчик тарас бойлуу кыздын көркүн ого бетер чыгарып турду. Ал жылмайган калыбында көзүнөн күлкү чачып, орунтуктан жай алды.

— Кандай десем? Менин бу жолку сапарым деле адаттагыдай болду. Бизде жер шарты ошондой да,— фельдшер кыз мен көптү күткөн үмүтүмдү бир ооз сөз менен тамам кылмакчы болдубу, же чаалыгып келдиби, айтоор сөздүн кыскасына салды.

— Аныңыз ырас. Ошондой болсо да сиздин ушу жолку сапарыңыз жөнүндө уксам?

— Биздин малчылар Қара-Таш менен Қава-Сай деген кыштоолорго жайгашкан. Қара-Таш мындан отуз тогуз, а Қава-Сай жыйырма беш чакырым алыс. А чабандар болсо чачкын жайгашышкан. Бир чабандын үч жашар баласы тамак иче албай калыптыр. Ошого бардым. Жолдо жамгыр жаап, аягы карлап келди. Айлана түнт. Асманда жылчык жок. Алыстан да, жакындан да шоола көрүнбөйт. Суу болгон кийимдер ийинден ныгырып, ат да жүрбөй калды. Жылчыксыз караңгы түндө көп жол жүргөндүгүмдү аттын чаалыкканынан гана сездим. Биздин Аңыракайда бардык жер окшош, чөбү да бирдей. Акыры, көп саат жол жүрүп, чабандын үйүн таап бардым. Бала оозул болуптур. Дарыладым, кеп-кеңешимди бердим. Жаштыкты бороон чычалата алмак беле, баткан күн кайра чыгат да,—Людмила жүзүнөн күлкү чачып, бир жолку чакырыгы жөнүндө кыска сүйлөп берди.

* * *

Қенес-Анархайдын көз мелжиген түздүктөрү өз денесине түркүн аралыктагы жолдорду батырып созулуп жатат. Түздүктөрдө, ойдуңдарда тоодой эмгек толкуну, уйку качырган улуу максаттар жашайт. Ошол толкундуу, нары улуу максаттарды аркалаган замандаштарымдын кайратына сыймыктана жолго чыгам. Ал жол мени мен издеген каармандарым менен кайрадан кездештирерине, коломто жээгинде узун санжыралардын сыйкырына дагы кездештирерине ишенем.

Қенес-Анархай санжыралары көп.

## ТҮНКҮ ЧАКЫРЫК

Покровка кыштагынын күн батыш тарабында заңгыраган үч кабат аппак үй бар. Ушул үйдөн нечен адамдардын үмүттөрү акталып, турмуш сапарына кайрадан аттанышкан. Ушул үйдүн көчөгө караган тарабында СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына карата чыгарылган ардак белгиси эстелик медалынын сөлөкөтү түшүрүлгөн. Бул ардак белгисине медициналык мекемелерден республика боюнча ушул Чүй райондук бириккен оорукана татыктуу болгон.

Ошол үч кабат аппак чоң үйдө узун бойлуу, ак жуумал, өтө аз сүйлөгөн, жүргөн-турганы өтө салмактуу бир жигит иштейт. Ал — хирургия бөлүмүнүн башчысы, райондун башкы хирургу Рустам Сооронбаев.

Хирургия бөлүмүндө жыйырма беш койка бар. Мында ар кандай курактагы ноокастар дарыланышат.

Мен пикирлер жазылган дептерди барактап олтурам. Ар кандай адамдар бирдей пикирлерди — алкоолорду жазышкан. Бул мыкты, тигил начар жазыптыр деп ылгоо кыйын — бардыгынын калеминен өмүр сакчысына алкоолор айтылган. Ошентсе да бирине көздөрүм токтоду: «Хирург Сооронбаев ноокастын көңүлүн жубатышка уста. Жакшы сөз жан эритет дегендей, анын дарысынан да сөзү тез айыгышка өбөлгө. Е. К. Гильдебройт. 11-июль, 1972-жыл».

Жакшы сөз... Академик Павловдун бир жазгандары эске түшөт: «Врачтын сөзү жылуу болбосо, дарысынын эми конбойт», деген. «Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат» дегендей сөздүн кудурети чоң го чиркин.

Палаталарды кыдырып, Рустам Сооронбаев ноокастардын абалы, дарты жөнүндө салмактуу айтып баратты.

— Жаңы оорукананын курулганына аз гана жыл

болду. Ушул аз жыл ичинде гана оорукана чоң ийгиликке жетишти,— деп сөзгө аралашты башкы врачтын орунбасары Закир Сатыбалдиев,— мындан он беш жылча мурда мен ушул ооруканага жаңы келчүдө палаталар ар кайсы жердеги жепирейген үйлөрдө болучу. Эмма Ивановна деген хирург бар эле. Сокур ичегиге гана операция жасалчу. Анда мындай шарт кайда, ноокастар да врачтар да чөгүндөн жуунушчу.

Оорукананын жаңы имаратынын курулушунун башталышы эле өмүр сакчыларынын келечектеги ийгиликтеринин башаты, ишке карата жоопкерчиликтеринин артылышына шык бергендигин врачтар менен баарлашкандагы сөздөр туюндуруп турат. Жаңы имаратка кирүү менен медиктер ишке эргүүлүк менен аттанышкан. Көптөгөн врачтар менен орто медицина кызматкерлери өлкөбүздүн көрүнүктүү медицина жайларында билимдерин өркүндөтүшүп, адистиктерин арттырып келишкен.

Биз палаталарды да процедуралык кабинеттерди да аралап көрүп жүрдүк.

— Караңызчы,— дейт Закир Сатыбалдиевич,— Азыр биздин колубузда медицинанын эң акыркы аппаратуралары бар. Ооруканабыз медициналык илимий мекемеге окшойт десек жаңылбайбыз.

— Ал ырас,— Рустам Сооронбаев кубанычтуу жылмаят.— Хирургия боюнча эң зарыл жабдуулар бар. Оорунун бардык түрүндө зарыл учурда операция жасоого мүмкүнчүлүгүбүз бар. Мисалы, бул оору биздин колдон келбейт деп ноокастын колуна кагаз чийип берип, Фрунзеге жөнөтүү калган. А. К. деген жаш жигит сокур ичеги менен ооруп, ичегиси жарылат да бизге беш күндөн кийин кайрылат. Сокур ичеги жарылып, беш күнгө чейин жата берип, анан аман калыш ойго сыйбаган кокустук. Жигитке шашылыш операция жасадык. Өтө татаал болду. Ичегини тазалап, кварц нуру менен кактап кайра өз ордуна коюп, ноокасты аман алып ка-

луу кыйын болучу. Бирок биз тобокелге салдык. Болгон талантыбызды жумшадык. Акыры жигит аман-эсен үйүнө кайтты.

— Ырым-жырымга ишенүүнүн акыры ый менен бүтөрү ырас. — Закир Сатыбалдиевич бир аз кыжырдана кетти.— Биз адамдардын ишенимине ээ болуу үчүн күрөш жүргүзүп жатабыз. Мындай кокустуктар көп болуп келген. Мындан үч жыл мурда Аюпов деген жигит хирургия бөлүмүнө кабыл алынды. Анын дартын «ашказандын жарасы» деп таап, дароо операцияга жаткырдык. Ашказаны жарылып кан кузуп келген эле. Көрсө мындай болуптур: жигит ооруп жүргөнүнө көп болот. Өздөрүнчө ар кандай «дары» менен дарылана берет. Акыры жарат күчөп, ашказан жарылып кан куза баштаганда врачка кайрылууга аргасыз болот.

— Закир Сатыбалдиевич, сиз жана айтып кеттиңиз, калк арасында медицина илимин пропагандалоо боюнча иш жүргүзүп жатабыз деп.

— Ырас, мен ошол жөнүндө айтмакчы болуп, мисал келтирип жатам. Мындай: ошентип биз калкты санитардык-гигиеналык жактан агартуу маселесин биринчи планга алып чыгуу маселеси ушундай кокустуктардан улам пайда болду. Ошентип, райондо эки факультети, алты филиалы бар ден соолук университетин уюштурдук. Натыйжада жыл сайын миңдеген эмгекчилер санитардык-гигиеналык даярдыктан өтүп турушат. Айыл-кыштактардын санитардык деңгээлин жогорулатууну да иш-чараларыбыздын бирине айландырдык. Айыл-кыштактарды көрктөндүрүү ден соолуктун башаты экендигин ар бир адамга түшүндүрдүк. Азыр айыл-кыштактарда жашагандар жаз алды менен арыктарды, көчөлөрдү тазалашып, бак-дарактардын көчөттөрүн отургузууга көнүп калышты. Врачтар ноокастарды дарылоо менен чектелип калбастан, калк арасында тез-тез болушуп, медициналык темада аңгемелерди өткөрүп турушат. Эң башкысы балдардын өлүмгө учурашы таптакыр

жоюлуп, жугуштуу оорулар кездешпей калды. Мына ушул фактынын өзү медиктерге калктын ишениминин артылгандыгынын далили болуп саналат. Балдардын жана энелердин ден соолугун сактоо ишине өзгөчө көңүл бурганбыз. Бир жашка чейинки балдарды тамактандыруу жана кечиктирилгис жардамдарды көрсөтүү боюнча райондун бардык врачтары аттестациядан өткөрүлдү. Ал эми малчылардын балдарына ай сайын врачтар барып турушат, алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүшөт. Райондук оорукананын жана участкалык ооруканалардын алдында сүт кухнялары үзгүлтүксүз иштейт. Бул кухняларда даярдалган сүттү ооруканалардын жана фельдшердик-акушердик пункттардын чөйрөсүнө жайгашкан калк бир жашка чейинки балдары үчүн алып турушат. Мына ушулардын бардыгы ооруканабыздын сыртында жүргүзүп жаткан иштерибиз.

Башкы врачтын орун басары жетекчи катары эсепкысап, ички-тышкы уюштуруу иштери жөнүндө ирети менен сүйлөп берди. Бирок, башкы врач С. Хило өз кабинетинде олтуруп, Рустам Сооронбаевдин хирургдук талантына өзгөчө баа берип, анын операция жасоодогу өз ыкмаларын аябай мактаган эле. Менин көңүлүмдө Р. Сооронбаевдин хирургдук өнөрүнө күбө болуу сезими уялап алган.

— Закир Сатыбалдиевич,— дедим чыдамым жетишпей,— Сиз да, башкы врач да хирург Рустам Сооронбаевичтин ишине жакшы баа бердиңиздер. Эгер мүмкүн болсо...

— Сиз операцияга катышсам дейсиз го? — Закир Сатыбалдиевич сөзүмдү толук айттырган жок.—Андай оюңузга кошулат элек, бирок...

«Бирок» деген сөздөн сезимим бүлүктөнө түштү. Бул жерде хирург Рустам Сооронбаевич кийлигише кетти:

— Эң кызык операция бар,— деди ал. Сиз каалагандай болсун. Ал сиздин убактыңызга байланыштуу.

Операцияга ноокасты эртеңки күнгө даярдап жаттык эле...

— Макулмун,— дедим шашыла.

... Он төрт жаштагы арык кыз кроватка жатты. Сестралар операция алдындагы акыркы даярдыктарды көрүшүп, кызга таблетка берип кетишти. Демек, операцияга он-он беш гана минута калды. Рустам Сооронбаев кыздын тамырын кармап, жүрөк кагышын угуп, кандын басымын текшерип бүттү. Жаңы жазылган кардиограмманы көрдү.

Көздөрүнөн үмүт оту чачыраган жаш кыз врачтын оозун тиктеп, сөз күтөт.

— Бардыгы жакшы, садагасы. Дартыңдан таза айыгасың. Операция жеңил өтөт.— Хирург кыздын саамайынан сылап чыгып кетти.

Үстүбүздөгү халаттар, чепчиктер башкасы менен алмаштырылды. Маска тагындык. Хирург колдорун суюктуктар менен жууп, резина мээлей кийди, дагы жуунду. Операция бөлмөсүнө кирдик.

— Бул бөлмө — ыйык бөлмө,— деп үнүн пас чыгарып сүйлөдү хирург. Мында бардыгы таза, бардыгы стерилизацияланган. Кварц нуруна чагылдырылган. Биздин үстүбүздөгү кийгендерибиз да ошондой — тап-таза.

Кызды тачанка менен алып келишти. Аны операция столуна кылдат жаткырышып, аппак шейшеп менен жабышты да курсактын бир аз жерин ачык калтырышты.

Хирург кыска сөздөр менен буйрук берип жатты:

— Анестезия.

— Кандын басымын.

— Скальпель.

— . . . . . . . .

Операция жүрүп жатты. Хирургдун колу ушунчалык эптүү кыймылдап, ар бир аспапты тез алмаштырып турду. Жедеп көндүм болгон сестра сөздү жарымынан эле

түшүнүп, хирургга улам бир аспапты эпкиндүү карматат.

Хирург ажал менен бетме бет чыгып, аны сыйкырдуу аспаптары менен сестентип жаткандай.

— Мына,— хирург ичегинин дарттуу жерин алып чыгып табакка салды. Денеден кесилип алынган дарттын түрү суук болучу. Кызгылт, жоондугу билектен бир аз ичке.

— «Дермоедная киста» деген ушул,— деди Рустам. Ассистент жигит кесилген терини тез эле тигип жиберди. Мемиреп уктап жаткан кызды тачанка менен алып чыгып кетишти.

Биз хирургдун кабинетинде олтурганда кыздын ойгонгондугун айтып келишти.

— Бардык эрежелерди сактаңыз. Жанында такай болуңуз. Кан куюштуруу система палатада болсун.— Рустам Сооронбаевич келген сестрага катуу дайындады.

Бир аздан кийин формалинге салынып, оозу бекитилген идишке кыздын ичегисинен кесип алынган дартты алып келишти.

— Бул дарт медицинада сейрек кезигүүчү дарт. Бизче «Дермоедная киста» деп коет. Жөнөкөй тил менен айтканда ичегинин өсүп кетиши. Көрдүңүзбү, ичеги өсүп олтуруп, бүтөлө баштаган. Тамак-аш жакшы өтпөй, ноокастын табити бузулуп, акыры арыктай баштаган. Дары менен айыктыруу эч мүмкүн эмес эле. Бул кыздын жалпы абалын оңдоо үчүн он беш күнчө дарылап, анализдердин көрсөткүчү нормага келгенде операция жасадык. Жаш организм тез эле айыгат. Медицинада имунитет деген термин бар. Врачтын ноокаска жасаган жакшы мамилеси имунитетти күчөтөт, көп учурда аны пайда да кылат. Мындай шарт — ноокастын тез сакайышына түздөн түз түрткү болот.

Хирург пациентинин абалын көрүп келди. Рустам-

дын жүзүндө кубаныч ойноп, дагы бир адамдын өмүрүн сактап олтургандыгына ыраазы сыягы сезилет.

— Бүгүнкү түндү ооруканада өткөрөм,— Рустам ордуна олтуруп жатып айтты. Кыздын абалы жакшы экен. Тамырынын кагышы оңолуп калды. Бирок, санаа тынчыбайт, биерде болом.

Хирург жайланып олтуруп сөз баштады!

— Биздин ооруканада кан куюштуруу маселеси жакшы. Бардык кызматкерлердин канынын группалары аныкталган. Зарыл учурда каныбызды бекер беребиз. Ооруканабыздагы кан куюу пункту республикада биринчи орунда турат. Райондо донорлор көп. Мезгил-мезгили менен донорлордун слетун өткөрүп турабыз.

Хирург кан куюштуруу маселеси райондо мыкты болуп жаткандыгын сыймыктануу менен айтып, хирургияда кандын зарылчылыгынын маанисине токтолду. Рустам Сооронбаевдин жакшы аңгемесин каплеттен кирип келген дежур сестра бузду:

— Фрунзеден Нарынга бараткан автобус авария болуптур. Бир кемпирдин жамбашы сыныптыр. Ивановкадан бери дейт.

Сестранын аптыккан сөздөрүнө аралаш Рустам ордунан тез туруп, шкафтан биксти (стерилизацияланган даки салынуучу челек) шатыланган темирлерди (шак-шак) ушунчалык шамдагайлык менен алып, мага кыйкырды:

— Жүрүңүз, тез!

«Тез жардамдын» фаралары алды жактагы караңгылыкты жиреп учуп баратты. Рустам Сооронбаев алды жакка тигиле карап, унчукпай баратты. Менин билишимче анын оюнда мындан бир-нече саат мурда операция болгон он төрт жаштагы кыздын өмүрү, кулагында жаңы эле катастрофага тумугуп, боздоп жаткан кемпирдин үнү турду. Жашка да, карыга да өмүр бирдей! Врач үчүн бардык адамдар бирдей, ал бардык адамдарга өмүр берет. Рустам мындай тынчы жок түндөргө

жедеп көндүм болуп калган. Түнкү чакырык анын врачтык өмүрүндө биринчи болуп жатты беле. Түнкү чакырыктар жөндөмдүү хирург Рустам Сооронбаевди адамдардын өмүрүн көр оозунан кайтарууга, адамдарга эртеңки күндүн жаркын тирдигин тартуулоого алып барарына ишенич артылган.

## АК ЖАРЫК

Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун ачылганына он сегиз гана жыл болгон. Сыртынан жыл улаган адамга институттун ачылышына аз гана жылдардай сезилгени менен студенттердин билимге болгон чаңкоосу канып, кишинин денесиндеги дарттарды канткенде айыктыруунун жолдору окуган сайын студенттердин сезимине сиңип жатты. Бирок, кантсе дагы азыркы студенттердин окуу шартындай кантип болсун. Улуу Ата Мекенди коргоо согушунун запкысы кете элек мезгил. Жеңишке араң дегенде алты жылдын жүзү болгон. Бирде жетишсе, бирде жетишпей андагы окуп жатышкан студенттердин социалдык абалдарын жашырбай айта келгенде өксү эле болуп турган жылдар эле.

Келечектеги врачтардын оюнда бир гана нерсе кылт эте калып, ошол жетишсиздик учур менен келишпестикте катуу кармашып турду. Ошол кылт эткен жарык ой — турмуштун жетишсиз каржысына каршы туруп, окууңду бүтүп кет. Сени алыскы райондордун алыскы айыл-кыштактарында сыркоолуу адамдар күтүп жатат. Баарысына чыдап, окууңду абийирдүүлүк менен бүт. Силер бар жерде — күлкү менен шаттык орнойт. Чыда! Мына ушундай асыл ойлордун бири келечектин врачы студент — Ындыев Урумкандын да көкүрөгүндө жаткан эле.

«Саргара жортсоң кызара бөртөсүң» дегендей студенттик жылдар акырындык менен артка жылып 1957-

жылдын жаркыраган жазы да кирип келди. Алты жыл бою алган билимдин ширеси мамлекеттик экзаменде турат. Ансыз да тырыша окуган Урумкандын асыл максаты — экзамендерди абийирдүү бааларга тапшыруу. «Орто» деген эле бааны алып калуунун өзү пациентиңдин колунан жетелеп көрдүн оозуна өзүң алып баргандык болуп эсептелет. Андай баалар менен бүтүп оорулууларды дарылоо кандай абийирге алып келет? Ушуларды ойлогондо Урумкандын жүрөгү кандайдыр бир жаманчылыкты өзүнөн оолак түрткөнсүп, намысына келе түшкөнсүйт...

Медициналык институттун кенен залы студенттерге жык. Бүтүндөй курстун балдары ушул жерге келип чогулган. Мындайча айтканда бүтүрүүчүлөр менен болгон коштошуу кечеси. Музыка, бий...

— Урумкан, дипломуңду «эң жакшы» жана «жакшы» деген баалар менен жактапсың, куттуктайм. Эми кайда барганы жатасың? — деп бүтүрүүчү курсташы-группалашы Давлетбаков Тилекмат сөз жиберди.

— Ыракмат, болжолу өзүмдүн районума жөнөйм го.— Зуңкуйган кара жигит жайдарылана сөзүн андан ары улады:

— Алыскы райондон келгем. Өзүң билесиң ал жакта врач маселеси тартыш. Бизге окшогондорду күтүп жатышат элет адамдары. Жүр, сыртка чыгып сүйлөшөлү азга.

Ындыев Урумкан жолдошу Тилекмат менен сыртка чыкты.

— Ошентип кайсы районго багыт алдың?

— Үч-Терегиме. Өзүмдүн Үч-Терек районума. Ош облastыбыздын алыскы райондорунун бири — тиги Токтогул району менен канатташ турат эмеспи.

«Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен,
Үстүндөгү бул дүйнөнүн каймагы!!

Эх-хе, курбум. Маркум акын Алыкулдун ыры кандай таамай жазылган. Тазалык жөнүндө, ошол тазалыкты кармай билген алиги сырдуу кийимчендер жөнүндө кандай туура жазган! Ал эми ден соолуктун негизи эмнеде, албетте тазалыкта да:

Врач келди сыркоолууга жайдары,
Кабак түйгөн шум өлүмдү айдады.
Ушул адам, ушул аппак халатчан,
Үстүндөгү ден-соолуктун каймагы:—

Экөө тең ыраазы боло каткырып алышты. Бул ырды Алыкулдун ырынан кийин мединституттун студенттери ушинтип өзүмдүк кылып алышкан эле...

* * *

Токтогул районунун Торкен айылы. Тоо колтугунда жайгашкан бул айыл азыр Урумканга өзгөчө ажайып көрүндү. Бала кезде кымыздык, балдыркан үзүп чоңойгон жерлер, көзгө жакшы көрүнөт. Жайдын алгачкы айлары болгондуктан күн аябай ысык тийип турган. Врач чемоданын жерге койду да азга айланасына дагы бир ирет суктана көз жүгүрттү. Анан ал чөнтөгүнөн жүз аарчысын алып чеке терин сүрттү. Анын оюна өткөндөгү бир кайгылуу окуя түштү...

Анда анын оюнкараак мезгили эле. Кечке өзү курдуу балдар менен ойноп үйүнө келсе, коңшу үйдөн армандуу боздоп ыйлаган Күлай эненин үнү көчөнү жаңыртат. Урумкан мындай аянычтуу үнгө түшүнө бербеди. Күлай эненин үйүндө кирип чыккан эл көп. Эшик алдындагы кемегеде от жылтылдап самоорлордон коюу буу бырылдайт. Улам бирөө «боорум ойлоп» өкүрүп келишкен сайын Күлай эненин үнү боздоп чыгат. Мындайды өмүрү көрбөгөн бала үйүнө чуркап кирип, апасынын мойнуна асылды. Эне сүтүн бербесе да элик сү-

түн берип Урумканды тарбиялаган Алышкан апа ага үзүлө түшүп жалынып кирди.

— Апа, Күлай эненин үйүндө эмне болуп жатат?

— Шордуу Күлай баласынан ажырап калбадыбы, уулум. Түйнөк деген жаман оору экен го.

— Апа, Жайлоо байкемби? — деп Урумкан апасын карай берди эле Алышкан апанын көздөрүнөн тоголок жаш жерге кулап түштү.

— Шордуунун шору эми кайнабадыбы, шоруң каткырлардыкы...

Эне бала алда немеден коркушкансып караңгы үйдө кучакташып олтуруп калышты...

Көрсө ошол түйнөгүң сокур ичеги, же ичегинин буралып калышы оорулары тура. Эми ошол оорулуулар колго түшсөчү, аттиң, канчалар ушул жөнөкөй эле оорудан көз жумуп кете беришкен...

* * *

«Урумкан Ындыев Үч-Терек районунун (азыркы Токтогул району, мурун бул жерде Ош областына караштуу эки район бар болчу. Токтогул жана Үч-Терек району. Кийин 1963-жылы ирилешкен чарба болуп бир районго — Токтогул районуна бириктирилген эле) борбордук ооруканасына башкы врач болуп келиптир. Эми ал кандай гана оорулуу болбосун операция кылып алып салат» экен дешип эл ичи уу-дуу. Көтөрүңкү сөз.

— Ындынын баласы азаматтык кылыптыр, догдурдун окуусун бүтүп. Деги ал качан бүтүп келип жүрөт. Ыракатын Ынды эле көрөт, эми. Мезгил дегениң ушундай экен да. Ылайым эле ошондой адам догдурдун окуусун бүтүп келген кулундарыбыздын саны көбөйө берсе кана, «атаганат».

Ооба эл айткандай эле Урумкан Ындыев Үч-Терек районуна хирург жана башкы врачтын милдетин аткаруучу болуп орношту.

Эми анын алдында студенттик кездегиден да жооптуу, ары милдеттүү эмгек турду. Райондун борбордук ооруканасы болгону менен мында жыйырма беш гана койка бар болучу. Анан калса барысы бир эле жерге чогулган. Хирургиялык, терапевттик, балдар жана башка оорулардын бары бир жерге жайгашкан. Кимиси кандай, кимисинин кай жери сыркоо сурап билмейин белгисиз. Урумкандын оюна жакшы пикир келди. Ал пикир: Райондук аткаруу комитетине, партиянын райондук комитетине барып жардам сурап кайрылуу. Мындайча айтканда ооруканага дагы жыйырма беш койкалык орун алуу. Ошондо элүү орундук болуп; хирургиялык, терапевттик, акушер-гинекологиялык, балдар бөлүмү жана башка зарыл болгон бөлүмдөргө бөлүнмөк.

Ал бир күнү райкомдун секретарына кирип, ооруканадагы бир топ кемчиликтерди айтып, аларды тез аранын ичинде ондоо үчүн жардам сурады. Жана дагы бул жардамына кошумча ооруrананы дагы жыйырма беш койкага көбөйтүүнү сунуш кылды.

— Менин өтүнүчүмдүн барысына күмөн саноолук жок, жолдош секретарь. Өзүңүз билесиз, районубузда алты чарба бар. Санап өтөйүн. Тельман атындагы, Сары-Ката, Өзгөрүш, Токтогул атындагы, 8-март жана Ворошилов атындагы колхоздор. Ар бир айылдан ондон оорулуу келип жатканда эле оорулуулардын саны алтымышка жетип олтурбайбы. Районубуздун калкынын саны эле канча дейсиз?.. Ал эми бул аттары аталган чарбаларда атайын ооруканалар жок.

Барысын угуп олтурган секретарь Урумкандын сунушун туура көрүп, Үч-Теректин эмгекчилери үчүн жакшы шарт түзүп берүүгө киришти. Ошентип райондун борбордук ооруканасы жаңы аппаратура менен камсыз болду. Үч-Терек районунун борбордук ооруканасынын акыбалы таанылгыс болуп өзгөрүлдү. Оорулуулар жат-

чу керебеттердин саны эки эсеге көбөйдү. Сакайып чыгуучулардын саны арбыды.

Ошондогу бир окуя врач Ыһдыев Урумкандын эсинен такыр кетпейт. Аны эстеген сайын күнү бүгүнкүдөй жаңырып Урумкандын көз алдында. Ал мына мындай болгон эле:

— Сары-Ката айылынан он жети жашар чамасындагы Турар аттуу уланды ооруканага алып келишти. Бетинен каны эчак эле качып калган уландын оорудан аябай жабыркаганы көрүнүп турат. Моймолжуган көздөрү анда-санда алсыз ачылып улам убакыт өткөн сайын коюуланып баратат. Тилден калган уландан эмнени сурап билүүгө болсун. Сааттын жебеси улам шаштырган сайын алиги уландын жашоосу мына бул тирүүчүлүктүн тобунан алыстап бара жаткансыды. «Мунун оорусу кандай болду экен, а? Эпилепсиябы? же бир нерседен катуу кулап кеткенби?». Урумкан уланды алып келгендерден сурады:

— Жигит кайсы жерим ооруйт деп жүрчү эле?

— Турарымдын деги эч жери ооруган эмес, айланайын доктур, балам. Бүгүн таңга жуук эле бир аз ичим деген. Ичине жел тийгенби деп элес алган эмес элем. Анан Турарымдын ичи катуурак оорутуп киргенинен буудайдан кууруп бастым. Ага болбоду. Түйүнчөктөй түйүлүп жатты да кусуп калды.

— Кусуп?! Врач ойлоно түштү.

— Ооба айланайын, ошентти. Кусуп отуруп эле мына минтип сөзгө да келбей калды. Ылайым эле Улукман атанын арбагы колдоп, жалгыз уулумду кайтара көр...

Оорулуунун апасы жөжөлөрүн канаттуу жырткычка бөөдө кактырып жибербейин дегенсип уулун шум өлүмдөн алсыз калкалагансып чебелектеп жатты.

Эне жоолугунун учу менен улам көзүнө толуп чыккан жашын сүртүп коюп Урумкандын оозун жалдырай тиктейт.

«Сокур ичеги тура, буудай кууруп басып анысын дагы татаалдаштырып жиберишсе керек, сокур ичегиси жарылып кеткен. Шашылыш операция кылуу керек, шашылуу керек. Мен бала кезимде Күлай эненин уулу көрсө ушинтип эле өлүп калган тура. Кыргызда так ушул ооруну түйнөк деп коюшат, шашылуу керек, операцияга шашылуу керек». Врач мына ушуларды ойлоп:

—Операция столуна! — деди да өзү ылдам баскан бойдон операция бөлмөсүнө кирип кетти.

Бир саат өттү. Тым-тырс. Операция бөлмөсүнөн чыккан да, ага кирген да адам болбоду. Эненин тынчы кете баштады. Ичинин каерин соет? Дары-дармегин берип эле... Мейличи, деги эмне кылышса деле, деги уулумдун көзүн жылтыратышып кайтарып берсе экен. Чебелектеген эне ооруканадагы жаткандардан, кирген-чыккандардан сурайт. Алар ийиндерин куушурушуп тим болушат. Чынында алар эмнени билишет. Ырас, тигилер сыяктуу ал деле операция бөлмөсүнө алып киргенин билет. Ал эми ар жагы?.. белгисиз. Эки саат өттү. Дале тым-тырс. Ак халатчандардын бири да көзгө көрүнбөйт.

— Айланайын, деги менин уулум эмне болду? Билсең айтчы мындай бир, жашырбай? Ооруканада жаткандар энени аянычтуу тиктешип турушат да кайрадан палаталарына кирип жок болушат. Алардын мындай мамилесинен улам, эненин тынчы ого бетер кете баштады.

Үч саат өттү. Сыртка бүтүндөй халаты сууга чыланган медсестра чыкты. Эне эми аны көздөй чуркады.

— Айланайын, Турарыма эмне болду? Айтчы, садагаң? Ал медсестранын оозунан жакшы кеп чыгабы дегенчелик аны тиктей берет.

— Операция жүрүп жатат,— ал башка сөз айткан да жок.

Эми эненин санаасына жаман ойлор учуп келип коно баштады.

— Операцияң да ушинтип көпкө созулмак беле. Бу-

ларыңдын бир балакети бар, болбосо эмне тигиниң кылмыштуудай унчукпайт ыя?..

— Жарыктык экенсиз да. Оорусу катуу болсо ошентишет да. Чыдап аягына чейин эле күтө туралы. Оорукананы он жолу тегеренип чыктыңыз олтуруп эс алсаңыз боло, бир аз...

— Эми качан, эми... — эне көз жашын сүртүп тигилердин катарынан орун алды.

Төрт саат өттү. Дале тым-тырс. Эне эми алдырып койгондой нес болуп таптакыр, өзүн-өзү жоготуп койгонсуп олтурган жеринде катты да калды.

Кечки саат жетиден жыйырма мүнөт өттү. Башкача айтканда операция башталгандан бери төрт саат он мүнөт өттү.

Урумкан сыртка чыгары менен эне ага кандайча жетип барганын билбей калды.

— Айланайын, Улукман атанын арбагы... уулума эмне болду? айта салчы, айланайын?

— Уулуңуз аман калды, эне, коркпоңуз.

— Оозуңа май, ылайым колуңа кудай дарт бербесин, айланайын,— шордуу эне кубанычын боюна батыра албай жаш балача шолоктоп ыйлап кирди. Элдер аны тыйган болуп жатышты. Бирок аны уккан эне болбоду, тек гана заманына жана уулун операция кылып өлүмдөн алып калган врачка ыраазы боло, кубаныч менен ыйлап жатты.

Арадан эки жарым жыл көз ачып жумгуча эле өтүп кетти. Оор операциялар... сыркоолуу адамды аңдып тооруган шум ажалдын түрү суук колдору. Урумкан ал адамдарды колдон бек кармап тирүүчүлүктүн жарык шооласына карай тартат. Ажал болсо аларды элден бөлө ары карай азгырат. Кимиси күчтүү... Жок, врачтын эми көңгөндөргө врач ар дайым күчтүү болуп чыгып жатат. Андай мөрөйлөрдө Урумкан тилсиз жоого алдыра койчубу. Кокустук гана болуп, убакыт өлчөөлөрүнөн кечигип калбаса,.. жабыр тарткандарга жардам-

ды кечендетип берсең алибетте жеңиш өлүмдүкү болуп кетет да. Үчүнчү жылдын кап ортосу да болду, Урумкан Ыңдыевда али андай аттиң айтчу окуя боло элек. Ошондой болсо да Урумканга дагы негедир алты жыл алган билими жетишсиздик кылып туруп алгансыды. Эмне, кайрадан дагы барып окусабы, кудая шүгүр «Үч-Терегине» дагы үч врач келди. Бул да болсо толуктоо. Эми Үч-Теректегилердин карманганы жалгыз эле Урумкан Ыңдыев эмес. Алар дагы Урумкандан жакшы иштеп бербесе, жасаган иштери андан кем болбоочудай көрүнөт. Алардын минтип оорулуу адам десе эт-бетинен кетип, үстүнө үйрүлө түшө эмгектенишкенин астыртадан баамдаган Урумкандын ичи жылыйт. Окууга баруу керек. Адамдын аппаратын окуп үйрөнүү деген алты жылдык окуу эмес да. Али адамдын дене түзүлүшүндө ачыла элек канча сырлар бар... Адам аппаратынын жашырын сырларын окуп үйрөнүү биздин коомдо эми гана күч алып келе жатпайбы. Кайрадан окууга барып, алган билимимди мындан ары тереңдетбесем илимден куру калам го...

Профессор Лев Ефимович Рухмандын студенттерге лекция окуп жатып кээде билим алуу жөнүндө адамдын анатомиясы жана анын физиологиясы боюнча түшүндүргөн илимий тыянактуу сөздөрү анын кулагына кайта-кайта эле кайталанып туруп алды. Лев Ефимович Рухманды кимдер гана билбейт. Биздин совет элинин адамдары эмес чет мамлекеттин менменсинген врачтары да анын илимине баш ийип таазим кылат. Ортопед, травмотолог Рухман Лев Ефимовичтин өзүнөн дагы билим алуу керек. Эми Урумкан Ыңдыевдин алдында ошол эле максат туу болуп желбиреди да калды.

1960-жылы октябрь айында ал Фрунзедеги мединститутка келип ал жерде клиникалык ординатурага орношот. Клиникалык ординатураны жакшы аяктагандан кийин көп деле өтпөй 1963-жылы өзү самап келген профессор Лев Ефимович Рухмандын дал өзүнөн билим

алууга аспирантурага кирет. Профессор беш эле жылдын ичинде ондон ашык кандидатты тарбиялап, аларга медициналык билим берип чыгат.

1967-жылы 24-апрелде «Балдардын тубаса жамбашынын чыгышы жана аны дарылоо» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактаган Урумкан Ындыев ошол эле жылы мединститутка окутуучу болуп орношот. Ошону менен катар райондордон келген врачтарга курстук лекция окуйт.

— Сиздин докторлукту жактоодогу бет алган темаңыз кайсы? — деген суроомо:

— Кар жиликтин сыныгы жөнүндө докторлук диссертацияны жазып жатам. Шарт боюнча жүз кар жиликке операцияларды жасоо керек. Сексен тогузун жасап койдум.

— Кызык, сиздерде докторлук үчүн жасалган операциялардын саны керекпи?

— Жок, сен таптакыр башкача түшүнүп алдың. Кар жиликтерге операция жасоонун өзү дагы толгон токой изденүүлөргө түртөт.

— Мисалы?

— Мисалы, кар жилиги сынган адам канча жашта. Канча күндө мурунку акыбалына келет. Ары сыныктардын барысы эле бири-бирине окшошо бербейт эмеспи. Аларындын да түрлөрү бар; бири, чорт эле сынат (поперечный перелом), биринин сөөктөрү талкаланып кетет (много оскольчатый перелом), кыйшык сынгандары да бар (косой перелом), күч келип кар жиликтин буралып барып сынганы болот (винтообразный перелом), жиликтин сынып кетип анан сөөктөрү бири-бирине ит кабыш болуп кирип кеткендери да болот (вколочный перелом) мына ушундан, ошол майда сыныктарды бирден чыгарып өз-өз ордун таап ордуна коюу керек. Мындан тышкары ачык сынык, жабык сынык болуп да бөлүнүшөт. Көбүнчө бул боюнча алгач итке операция жасап тажрыйба алабыз. Докторлугумду жактоодо 50 итке

операция жасоо керек. Ит канча жашта, ал канча күндөн кийин бүтөт. Сыныктын кайсы түрү канча убакытты талап кылат. Кантсе тез жана мурунку калыбына келет. Аларга эмне деген тамактарды берүү керек. Тамактарынын составында кайсы витаминдердин басымдуу болуусу зарыл. Айта берсем иш көп. Ал азга ойлонуп калды да:

— Операция жасалган иттердин кар жиликтери калпсыз айыккандан кийин ошол гана мүчөсүн ажыратып алып атайын формалинге салып коём. Кийин аларга микроскоп менен кайтадан анализ жүргүзүп чыгам. Салыштырам. Адамдыкы кандай, айбандыкы кандай.

1975-жылы В. аттуу адам эки колунун кар жилиги, сол жаккы жоон саны сынып, клиникага түшкөн. Ага мен операция жасадым. Эки кар жилигине Илизаровдун аппаратын салдым. Сол жоон санына операция жасап, ЦИТО чегесин кагып бекиттим.

— Дагы бир жөнөкөй эле мисал айтып берейин. 1973-жылы мени шашылыш түрдө Мин-Кушка чакырып калды. Өзүбүздүн санитардык самолетко түшүп бардым. Шаардын ооруканасында 26 жаштагы А. Н. аттуу жаш жигит жатат. Анын да жоон саны сынып кеткен. Мен ага бир саатка жакын операция жасадым. Сынык кыйшык жана калпсыз бүтүп калбасын үчүн ЦИТО чегеси менен бекиттим.

— Эми бул жигит канча күндө туруп кетти.— Мен ага рентгент сүрөтүн кайра өзүнө берип жатып суроо узаттым.

— Ээ, он күндө эле басууга жарап калды. Өзүнүн иш вахтасына ал адам эки айдан кийин кадимкидей жарап калат. Врачтык түн түйшүктүү, жоопту. Ары өз ишине тыкан врачты улам жаңы ачылыштар кызыктырып жетелеп жүрүп олтурат...

— Ушул кесипте жыйырма жылга жакын эмгектенип, келе жатам. Республикалык клиникалык оорукананын травмотологиялык бөлүгүндө жоопту дежурный

врач болуп иштейм. Беш врач менин карамагымда, башкача айтканда жардамчыларым. Айрым түндөрү элүүдөн жүзгө чейин кырсыктап жапа чеккендер келишет. Албетте оору оорулуулар менен жеңил оорулууларды кошкондо... Бизге канаатташ турган Казакстандын Курдай, Георгиевка кыштактарынан, өзүбүздүн Кант, Беловодск, Быстровка жада калса Токмок шаарынан да алып келишкен күндөр болот. Бирок алардын барысы эле оор жарадар болгондор эмес да. Оор жарадарларын ошол эле замат операция столуна, а беркилерине тез жардамдарыбызды берип кайтарабыз.

-- Сиз айтыңызчы, сыныктарды гипстеп салуу оңбу же алиги өзүңүз айткан ЦИТО чегелери менен бекиткен пайдалуубу?

— Барысынан да операция жасап сыныкты көзүң менен көрүп орду ордуна коюп айыктырган жакшы эффектилерди берип келетат. Албетте гипске жана ЦИТО мыктарына караганда Илизаров аппараттары менен сыныктарды айыктыруу кийинки жылдарда жакшы натыйжаларды берип жатат. Алардын барысы мен иштеген травмотологиялык ооруканадан күлүп жайнап чыгышат. Өзүм дагы алардын бактылуу өмүрүнө шерик болом...

* * *

... Ал жашаган № 12 үйдүн ичи көчө тарапка караган терезеден түшкөн ак жарык менен шоолаланып турду. Үйдүн электр жарыгы эбак өчкөн.

Телефон шыңгырады. Урумкан трубканы алууга шашылды.

— Ооба, ооба, мен. Угуп жатам. Канча жашта экен? Алтымыш дейсиңби? Кыйын болгон тура. Мына чыктым.

Ал айнектен кирген ак жарыктын шооласына саатын

тосо берди. Түнкү саат үч. Ал кийине салып сыртка чыкты. Тез жардам аны күтүп туруптур.

— Саламатсызбы, кутмандуу кечиңиз менен, Урумкан Ыіндыевич,— шофер адаттагысындай учурашты.

— Коля, сага күнүгө эле кечиң кутмандуу болуп турат. Саламатчылык. Аздан соң таң атат. Алдыңа кара. Жөнөдүк...

Боз күлүктүн басып өткөн жери көздү уялткан жарыкка карк болуп, улам алдыдагы караңгылыкты кароо жуткунуп бара жатты. Урумкан Ыіндыев олтурган боз күлүк Республикалык клиникалык оорукананын травмотологиялык бөлүмүнүн алдына келип токтоду. Ал саатын карады, үч жарым болуптур. «Тез эле келиппиз»... Врач токтолбостон операция жасоочу бөлмөсүн карай шашыла ылдам кадам таштады...

## МАЗМУНУ

КЕНЕС-АНАРХАЙ ДИАЛОГДОРУ . . . . . . . 3
ТҮНКҮ ЧАКЫРЫК . . . . . . . . . . 20

Зарлык Бабаев

НОЧНОЙ ВЫЗОВ

Очерки, зарисовки

(на киргизском языке)

Редактор Ы. Элакунов
Худ. редактор Г. Гагин
Тех. редактор С. Чотиев
Корректор Т. Жолдошев

Фрунзе, Издательство «Кыргызстан»

ИБ № 62

Терүүгө 17/XI-1976-ж. берилди. Басууга 31/I-1977-ж.
кол коюлду. Д—02419. Кагазы типографская № 3,
форматы 70×90 1/32, 1,25 физ. басма табак,
1,46 шарттуу басма табак, 1,69 учеттук табак.
Тиражы 2000. Заказ № 5004. Баасы 10 т.

Фрунзе шаары. Совет көчөсү 170.
«Кыргызстан» басмасы

Чуйское производственное объединение «Полиграфист»
Государственного комитета Совета Министров Кирг. ССР
по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.
720616, ГСП, г. Фрунзе, ул. Карагандинская, 72.

10 т.